**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

01.06.23 № 336/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Жалпы билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүнө мамлекеттик үлгүдөгү билими жөнүндө документтерди тапшырууга арналган салтанаттуу иш-чараларды өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүнө негизги жалпы билими жөнүндөгү күбөлүктөрдү жана жалпы орто билими жөнүндөгү аттестаттарды тапшырууга арналган салтанаттуу иш-чараларды уюшкандыкта өткөрүү жана бүтүрүүчүлөрдүн өмүрүнүн коопсуздугун камсыз кылуу максатында **буйрук кылам**:

1. Жалпы билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүнө негизги жалпы жана орто жалпы билим берүү жөнүндөгү документтерди тапшырууга арналган салтанаттуу иш-чаралар билим берүү органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн жана ата-энелердин катышуусу менен төмөнкү мөөнөттөрдө:

- 2023-жылдын 21-июнунда 9-класстын бүтүрүүчүлөрү үчүн саат 9.00дө;
- 2023-жылдын 23-июнунда 11-класстын бүтүрүүчүлөрү үчүн саат 9.00дө өткөрүлсүн.

2. Бишкек шаарынын мэриясынын билим берүү жана Ош шаардык билим берүү башкармалыктарынын, райондук жана шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн, жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилери билим берүү уюмдарында салтанаттуу иш-чараларды өткөрүү учурунда коомдук тартипти жана бүтүрүүчүлөрдүн өмүрүнүн жана ден соолугунун коопсуздугун сактоону камсыз кылуу боюнча жеке жоопкерчилик жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилерине жүктөсүн;

- тез күйүүчү, травматикалык фейерверктерди, адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч келтирген техникалык жабдуулар жана башка каражаттарды, ошондой эле экологияга зыяндуу гелий шарларын учурууга тыюу салынсын;
- окуучуларга жана алардын ата-энелерине, мугалимдерге, билим берүү уюмдарынын кызматкерлерине укук тартибин, коопсуздук чараларын